2.5.3. Шаардык канализацияга агым суулар менен катуу калдыктар түшуп калбастыгын текшерүү үчүн “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ 10 күндүк мөөнөттө көзөмөл кудуктун чыгышына панжара орнотот.

2.5.4. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ эскертүүсү боюнча абонент кароо кудуктарынан үстүнкү суулардын буруусун өткөрүүсү керек жана кара нөшөр канализациясына жабдуу орнотот.

2.5.5. Аянт ичиндеги (квартал ичиндеги) канализациялык тармагынын кудуктары кароо үчүн дайыма жеткиликтүү болуш керек.Кудуктардын жайы метр аралыктагы белгиси бар көрнөкчөлөр менен белгиленген.

2.5.6. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ жумушчуларынан башкаларга шаардык канализациялык тармактын жана көзөмөл кудуктардын капкактарын ачууга ошондой эле алардын ичине кирүүгө тыюу салынат.

2.5.7. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ (макулдашуусуз) уруксаатысыз үй ичиндеги аянт ичиндеги (квартал ичиндеги) канализациялык тармактардын жана кайтадан куруусун өткөрүүгө тыюу салынат.

2.5.8. Суу кетирүү системасы өнүкпөгөн райондордо “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ суукеректөө бъектин борбордук канализация системасына кошууга ээсин милдеттендиргенге укугу бар.

## 3. СУУ ТҮТҮК ЖАНА КАНАЛИЗАЦИЯНЫ КОЛДОНУУДА ЖАКТАРДЫН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕРИ

3.1. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ жана ичүүгө жарактуу суунун керектөөчүсү арасындагы өз ара мамилелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн эки жактуу келишим менен жөнгө салынат, жана эгерде керектөөчү жаран болсо Кыргыз Республикасынын калкына коммуналдык тейлөө Эрежелеринине ылайык. Эки жактын ортосунда суукамсыздоо жана (же) суукетирүү келишими милдеттүү түрдө болуш керек.

3.2. Абонент жана “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ ортосундагы колдонуу жоопкерчиликтин чеги келишимде көрсөтүлөт жана орнотулат:

3.2.1. Көп батирлүү үйлөр үчүн ведомстволук таандыгына,менчик түрүнө жана көрүнүшүнө карабай (турак-жай курулуш кооперативдерге таандык үйлөрдү киргизгенде):

- суут үтүк боюнча  менчиктин жана өткөрмө түтүктүн оюлган ордунун чеги үйдүн сырткы дубалы боюнча орнотулат. Оюлган орундун точкасы